- Ижара берүүчүнүн талабы боюнча, ижара объектисин пайдаланууга тийиштүү керектүү маалыматтарды берүүгө;

- уюштуруу-укуктук формасы, аталышы, жайгашкан орду жана почта дареги (юридикалык жактар үчүн), жашаган жери боюнча каттоосу (жеке жактар жана жеке ишкерлер үчүн), банктык реквизиттер өзгөрсө 10 күндүн ичинде көрсөтүлгөн өзгөрүүлөр тууралуу Ижарага берүүчүгө кат жүзүндө билдирүүгө;

- Келишим бүткөндө мамлекеттик мүлктү Ижарага берүүчүгө оң абалында кайтарууга.

## 3. Келишим боюнча төлөмдөр жана эсеп-кысаптар

8. Муницыпалдык мүлктүн ижара акысынын өлчөмү айына ________ сомду түзөт.

9. Ижара акысы, Муницыпалдык мүлктү пайдалангандыгы үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө нускамага өзгөрүү кирген учурда, кабыл алынган ченемдик укуктук актыларга ылайык белгиленген баалар жана тарифтер өзгөргөн шартта кайра каралат. Ижарага берүүчү муницыпалдык мүлктү пайдалангандыгы үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө нускаманын өзгөргөндүгү тууралуу чечим күчүнө кирген күндөн 15 күндөн кечиктирбей, ижара акысынын өзгөргөндүгү тууралуу Ижарага алуучуга жазуу түрүндө билдирет.

10. Ижара акысын өз убагында төлөбөсө Ижарага алуучу кечиктирилген ар бир күн үчүн жалпы карыздын суммасынын 0,2 пайызы өлчөмүндө туум айыптарды төлөйт.

## 4. Келишимди колдонуу мөөнөтү, аны колдонууну өзгөртүү жана токтотуу шарттары

11. Ушул Келишим ыйгарым укуктуу органда каттоодон өткөн учурдан тартып күчүнө кирет.

12. Ушул келишимге киргизилүүчү бардык толуктоолор жана өзгөртүүлөр тараптар тарабынан кошумча макулдашууга кол коюу аркылуу жазуу жүзүндө жүргүзүлөт. Кошумча макулдашуу ыйгарым укуктуу органдын каттоосунан өткөндөн кийин күчүнө кирет.

13. Ушул Келишим төмөнкү себептер боюнча күчүн жоготот:

- Келишимди колдонуу мөөнөтүнүн акыркы күнү өткөндөн кийин, эгерде ошол убакыттын ичинде Келишим узартылбаса;

- Ижарага берүүчү менен Ижарага алуучунун өз ара макулдашуусу боюнча Келишим бузулган учурда;

- тараптардын биринин талабы боюнча сот тарабынан Келишим мөөнөтүнөн эрте бузулган учурда;

- Ижарага алуучу - юридикалык жак жоюлган учурда;

- Ижарага алуучу болгон адам каза болгондо, ал аракетке жөндөмсүз, аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген же дайынсыз жоголду деп таанылган учурда.

14. Ижарага берүүчүнүн талабы боюнча сот тарабынан Ижара келишими мөөнөтүнөн эрте бузулушу мүмкүн, эгерде Ижарага алуучу:

- Келишимдин шарттарын же мүлктүн максаттуу пайдаланылышын бузуу менен ижара объектисин пайдаланганда;

- конкурстун жыйынтыгы боюнча кабыл алынган милдеттенмелерин аткарбаса же талаптагыдай эмес деңгээлде аткарса;

- муницыпалдык мүлктү кайра арендага бергенде;

- Келишим менен белгиленген мөөнөтү өткөндөн кийин эки жолудан ашуун катары менен ижара акысын төлөбөгөндө;